УДК: 373.1.
**DOI:10.58494/esai.24(9).2024.11**

*Исабекова Айгүл Бектеналиевна,*
*№4 Токтогул ат. ЖББОМ, тарых мугалими,*
*aigulisabek1981@gmail.com*

*Исабекова Айгүл Бектеналиевна,*
*сш. №4 им. Токтогула, учительница истории,*
*aigulisabek1981@gmail.com*

*Isabekova Aigul Bektenalievna,*
*Secondary school No. 4 named after Toktogula, history teacher,*
*aigulisabek1981@gmail.com*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК МАЙДАНДА ОКУУЧУНУ ЖАШООГО ДАЯРДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Аннотация.*** *Макалада окуучуларды жашоого даярдоо-педагогикалык чөйрөдөгү маанилүү маселелердин бири экендиги тууралуу баяндалган. Мында окуучуларды жашоого даярдоо, педагогикалык процесс катары баланы жеке инсан катары тарбиялоо жана анын турмуштук, социалдык, адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү жана калыптандыруу керектигине басым жасалган. Мугалим окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен элдик педагогика аркылуу жашоого даярдоосу ийгиликтүү билим алууга мотивациялык оболго түзот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *педагогика, педагогикалык процесс, адеп-ахлак, чөйрө, майдан, социалдык, инсан.*

# ОСОБЕННОСТИ ПОДГОТОВКИ ДЕТЕЙ К ЖИЗНИ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ПРОЦЕССЕ

***Аннотация.*** *В статье рассматривается вопросы подготовки учащихся к жизненным реалиям как проблема педагогики. Подготовка учащихся к реалиям жизни как педагогический процесс направлен на формирование и развитие личности в аспектах жизненных, социальных, нравственных характеров влияющих на воспитание. Преподаватель учитывая особенности личностных качеств учащихся мотивирует их к успешным достижениям в жизни которая непосредственно зависит от освоения знаний, умений и навыков передаваемая народной педагогикой.*

***Ключевые слова:*** *педагогика, педагогический процесс, нравственность, окружающий мир, социальное, личность.*

# FEATURES OF PREPARING CHILDREN FOR LIFE IN THE PEDAGOGICAL PROCESS

***Annotation.*** *The article examines the issues of preparing students for the realities of life – as a problem of pedagogy. Preparing students for the realities of life as a pedagogical process is aimed at the formation and development of personality in aspects of life, social, and moral characters that influence upbringing. The teacher, taking into account the peculiarities of students' personal qualities, motivates them to achieve success in life, which directly depends on the development of knowledge, skills and abilities transmitted by folk pedagogy.*

***Key words:*** *pedagogy,process, moral, social, the world around, personality.*

**Киришүү**

Баланы жашоого даярдоо-педагогикалык чөйрөдө маанилүү маселелердин бири. Бул процесс баланы жеке инсан катары тарбиялоо жана аны турмуштук, социалдык, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган. Жашоодо керек болгон билимдерди, көндүмдөрдү жана баалуулуктарды берүү менен мугалимдер жана ата-энелер окуучуларды жашоого ийгиликтүү көндүрүп, аларды келечектеги социалдык жана экономикалык жашоосуна таасир эте алышат [3].

Баланы жашоого даярдоодо төмөнкү өзгөчөлүктөрдү белгилей кетүүгө болот:

1. Жеке инсандын өзгөчөлүгүн эске алуу: ар бир бала уникалдуу инсан. Педагогдор ар бир окуучунун темпараментине, кызыкчылыктарына жана өзгөчөлүктөрүн эске алып,анын мүнөзүн тууру калыптандырууга аракеттенишет. Мында бала өз алдынча эркин ой жүгүртүүгө жана жоопкерчиликтүүлүкө калыптанат, ошону менен бирге бала ,өзүнө ишенген инсан болуп өсүшүнө өбөлгө түзөт. Мисалы, билим берүүдө ар бир окуучунун окуу ылдамдыгы жана стили ар кандай болгондуктан, мугалимдер ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн эске алып, сабак өтсө натыйжа көбүрөк болот. Ошондой эле ишкердикте кардарлардын муктаждыктарын жана кызыгууларын эске алуу аларга тийешелүү продукт же кызматтарды сунуштоо аркылуу билим берүүнүн ийгилигин жогорулатат [1].
2. Социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү–окуучулар коомдук чөйрөдө өзүн туура алып жүрүү, достук мамиле түзүү,кызматташуу жана тилектештик сапаттарын калыптандыруу керек. Бул аркылуу кийин коомдо эркин болуп,өз ара аракеттенүү жөндөмүнө ээ болууга үйрөнүшөт. Ал үчүн окуучунун эмпатиясын өнүктүрүү, көңүл коюп уга билүүнү терен өздөштүү менен туура баарлаша билүү, командада иштөө жана туура жана тез чечим кабыл ала билүүнү ошондой эле анализдөөнү үйрөтүү чебер педагогикалык сапат.
3. Адеп-ахлактык баалуулуктар-окуучуларды тарбиялоодо нравалык сапаттарды-боорукелик, чынчылдык, адилеттүүлүк сыяктуу маанилүү сапаттарды калыптандыруу чоң роль ойнойт. Бул баалуулуктар окуучунун коомдогу жүрүм-турумуна жана адеп ахлактык жактан туура калыптанышына түрткү берет. Борукерлик жана жоопкерчилик–адеп ахлактык тарбиянын негизги бөлүгү. Окуучуга жардам берүү, бөлүшүү, курбуларына жана жаныбарларга кам көрүү сыяктуу сапаттарды үйрөтүү маанилүү. Себеби, окуучуларга адеп-ахлактык тарбия берүү узак жана үзгүлтүксүз процесс,бирок аларды туура тарбиялоонун аркасында алар коомдун активдүү жана туруктуу мүчөсү болуп өсө алышат.
4. Эмгекке баа берүү жана ишке кызыгуу жаратуу-эмгекке кызыгууну жана аны баалай билүүгө тарбиялоо баланы жашоого даярдоонун бир бөлүгү. Эмгекке тарбиялоодо жаш курагына жана жөндөмүнө жараша акырындык менен башталат. Бул процесс ата-эненин колдоосу менен ишке ашып,бала эмгектин маанилүүлүгүн жана анын өзү үчүн пайдалуу экенин түшүнө баштайт. Окуучунун ишке болгон кызыгуусун ойготуу мисалы, бала эмгек аркылуу жакшы нерсеге жетсе, окуучунун кубанычын ата-эне же мугалим сезе билип, кубанычына ортоктош болуп колдоо, кубаттоо, мактоо сөздөрү аркылуу жөнөкө белектер менен кызыктыруу, балада жоопкерчилик жана өзүнө болгон ишенимдүүлүк пайда болору шексиз. Окуучуга кыйынчылыкттарды жеңүү аркылуу ийгиликке жетүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү эмгекке болгон болгон мамилесин өзгөртөт. Бул анын чыдамдуулугун жана эмгекти сүйүүсүн өстүрөт [2].
5. Психологиялык жана эмоционалдык даярдык–баланы ар кандай кыйынчылыктарга, жыргалчылыктарда туруктуулукка, сезимдерин башкара билүүгө үйрөтүү менен алардын

жашоого даяр болушуна көмөк көрсөтүү педагогдордун эң негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

6. Креативдүү ой жүгүртүүгө шарт түзүү-окуучунун чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана жаңы нерселерди ойлоп табууга шыктандыруу маанилүү. Себеби, жашоодо креативдүү ой жүгүрткөн инсандар өзгөчө ийгиликке жетишет.

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканды, бул өзгөчөлүктөр педагогикалык иште окуучуларды жашоого даярдоодо негизги принциптер болуп саналат. Мугалимдер жана ата-энелер окуучуларга билим берүү, тарбия берүү жана турмуштук көндүмдөрдү берүү менен коомдогу активдүү зор инсандарды калыптандыра алышат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Муратов А. Окутуунун жаңы технологиялары. Бишкек. 2017
2. Акматов к., Бабаев Д., Кимсанов К. Педагогика. Бишкек. 2017
3. Мадаминов Г. Ата-энелер сиздер үчүн. Бишкек. 2018